КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КАТТОО КЫЗМАТЫНЫН АЛДЫНДАГЫ ИНФОКОМ МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ ЖАНА ЭТНОСТОР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ

# БУЙРУК

**Бишкек ш.**

**“09” 08 2019-ж. № 01-18/75 “09” 08 2019-ж. № 81/______**

**“09” 08 2019-ж. № 196/________**

**“Санарип Аймак” чарба китебин санариптештирүү боюнча жумушчу топту түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылды “Региондорду өнүктүрүү жана санариптештирүү жылы” деп жарыялоо жөнүндө 2019-жылдын 11-январындагы № 1 жарлыгын жана Коопсуздук Кеңешинин 2018-жылдын 14-декабрындагы № 2-чечими менен жактырылган “Санарип Кыргызстан 2019-2023” трансформациялоо концепциясынын Жол картасынын 74-пунктунда каралган “Санарип Аймак” чарба китебин санариптештирүүнү жүзөгө ашыруу максатында, **буйрук кылабыз**:

1. “Санарип Аймак” чарба китебин (мындан ары – Чарба китеп) санариптештирүү боюнча жумушчу топ төмөндөгү курамда түзүлсүн:

-Алишеров Нурдин Куванычбекович – Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча агенттигинин (мындан ары – ЖӨБЭММА) статс-катчысы, жумушчу топтун төрагасы;

-Жаркынбаева Айгуль Жалиловна – Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Региондук статистиканы жана сапатты өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы, жумушчу топтун тең төрагасы;

-Кененбаева Асель Автандилбековна - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы “Инфоком” Инфоком мамлекеттик ишканасынын (мындан ары – Инфоком Мамлекеттик ишканасы) техникалык маселелер боюнча директорунун орун басары, жумушчу топтун тең төрагасы;

**Жумушчу топтун мүчөлөрү:**

- Ачикеева Чолпон Чекировна – ЖӨБЭММАнын Уюштуруу иштери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук жана маалыматтык жардам көрсөтүү башкармалыгынын башчысы;

-Бакасов Султан – ЖӨБЭММАнын Укуктук камсыздоо бөлүмүнүн башчысы;

- Ботобекова Элмира Арстаналиевна – “Инфоком” Мамлекеттик ишканасынын Долбоорлор менен иштөө башкармалыгынын жетектөөчү адиси;

-Ибраев Өмүрбек Алмасбекович – статистика жаатында Кыргыз-Норвегия долбоорунун жергиликтүү координатору (макулдашуу боюнча);

-Кошманбетов Адилет Аскарович - ЖӨБЭММАнын Уюштуруу иштери жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына усулдук жана маалыматтык жардам көрсөтүү башкармалыгына караштуу Мамлекеттик программаларды пландаштыруу жана координациялоо боюнча секторунун жетектөөчү адиси;

-Шамеев Азамат Султанович – ЖӨБЭММАнын Жергиликтүү өз адынча башкарууну өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы;

2. Жумушчу топко министрликтердин жана административдик ведомстволордун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик эмес уюмдардын кызматкерлерин жана адистерин макулдашуу менен ишке тартууга укук берилсин.

3. Жумушчу топ:

- чарба китебин санариптештирүү боюнча иш планын бир айлык мөөнөттө иштеп чыксын жана бекитсин;

-чарба китеби боюнча тийиштүү инструменттерди бир айлык мөөнөттө макулдашсын жана бекитсин;

- чарба китебин жүргүзүү жана ага тиешелүү маалыматтарды алуу үчүн маалыматтык системаны иштеп чыгууга техникалык тапшырманы эки айлык мөөнөттө даярдасын;

-чарба китебин санариптештирүү боюнча иштердин планынын аткарылышын көзөмөлдөөнү камсыздасын.

4. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жогоруда көрсөтүлгөн мамлекеттик органдардын жетекчилеринин тиешелүү орун басарларына жүктөлсүн.

| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин директору | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын төрагасы |
|---|---|---|
| **Б.У. Салиев** | **А.Ш. Султанов** | **А.И. Мамбетов** |